«БЕКИТЕМИН»
Ош МУнун ректору, ф.и.д.,
профессор К.А.Исаков

_______________________
2019-жылдын 26-январы

Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты, мамлекеттик тил, орус адабиятынын методи касы, ЖАМУнун кыргыз жана дүйнөлүк тилдер адабияты, Кыргыз-өзбек университетинин кыргыз филология кафедраларынын кеңейтилген кошмо жыйынынын №1 протоколунан

**К Ө Ч Ү Р М Ө**

Ош шаары 2019. 26. 01.

**Төрага:** филол.и.д., ОшМУнун ректору Исаков К.А.
**Катчы:** филол.и.к., Ызабекова Д.А.

**Жыйынга катышкандар:** Исаков К. – (10.01.01) филол.и.д., Калчакеев К.К. – (10.01.09) филол.и.д., Жамгырчиева Г.Т. - (10.01.09) филол.и.д., Сабирова В.К.– (10.01.10) филол.и.д., Бекмухамедова Н.Х. – (10.01.09) филол.и.к., доцент, Мурзакметов А.К. - (07.00.07) т.и.к., доцент, Турганбаев Н.О.– (10.02.06) филол.и.к., доцент, Темирова Б.Т.– (10.01.01) филол.и.к., доцент, Алиева Ф.Э.– (10.01.01) филол.и.к., доцент, Колдошов Т.Р. – (10.01.01) филол.и.к., доцент, Ызабекова Д.А. – (10.01.01) филол.и.к., Исмаилова Б.Т. – (10.01.01) филол.и.к., доцент, Шарипова М.С.–(13.00.02) п.и.к., доцент, Каразакова З.Ж. – (13.01.01) п.и.к., Байтикова Б.А.– п.и.к., Тилекова Н.Д.– (13.01.01) пед.и.к., доцент, Батыров Н.А. – ага окутуучу, Кулушев Т.А. - ага окутуучу, Табалдыева М. Ж., – улук окутуучу, Алпаизова Б.С. – окутуучу, Жолдошова К.Ж. – окутуучу, Калматова В.М. – окутуучу, Акишова Г. Т. – окутуучу, Караева Н.О. - окутуучу, Алишерова Э.Ө. - окутуучу.

**КҮН ТАРТИБИ:**

Ош мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил кафедрасынын изденүүчүсү Маданова Кызбурак Жапаровнанын “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С.Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн деген темада жазган диссертациясын талкуулоо. Илимий жетекчиси: филология илимдеринин доктору Жамгырчиева Г.Т. Диссертациянын темасы ОшМУнун Окумуштуулар

Кеңешинин 2014-жылдын 27-майындагы №7 протоколунун негизинде “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин көркөм чагылышы (10.01.09), жетекчиси ф.и.д., Жамгырчиева Гулина Төлөбаевна бекитилип, 2015-жылдын 30-июнундагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин №6 протоколу менен “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деп өзгөртүлүп, жетекчиси –ф.и.д., Жамгырчиева Гулина Төлөбаевна кайрадан бекитилген.

**УГУЛДУ:**

**Жыйындын төрагасы, филол.и.д., К.А. Исаков:**

Урматтуу кесиптештер, филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча баяндама жасоо үчүн сөз Маданова Кызбурак Жапаровнага берилет. Регламент – 15 мүнөт. Диссертациянын темасы: “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)”.

**Изденүүчү К.Ж. Маданова:** Илимий иш “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деген темада жазылган. Иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсүнөн, тиркемелерден турат.

Киришүү бөлүмүндө иштин актуалдуулугу, изилдениш тарыхы, илимий-теориялык базасы, максаты, милдеттери, божомолу, коргоого алып чыгылган негизги жоболор, иштин илимий жаңылыгы, практикалык мааниси жана апробациясы каралган. “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деп аталган изилдөө ишибиздин негизги мазмунуна токтолсок.

“Манас” – кыргыз элинин кеңири белгилүү өзгөчө зор көлөмдүү баатырдык эпосу жана кыргыздардын көптөгөн кылымдар бою өз билгендери менен табылгаларынын алгылыктууларын, басып өткөн жолу менен башынан кечирген окуялар жөнүндөгү маалыматтардын орчундууларын дээрлик бүт чогулткан казынасынын милдетин аткарып, элдин ыйык тутуп, укумдан-тукумга сактап, улам толуктап келе жаткан улуу мурасы, эл турмушунда мааниси, орду боюнча улуттук сыймыгы катары бааланууучу чыгарма.

Эпостогу архаикалык мотивдер диний жана мифологиялык өңүттө болуп кээде булар синкреттешкен формада да учурайт. Аталган мотивдер

жай турмуштук жана согуштук окуялар арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү эпизоддордон, эпостун окуяларынын өнүгүшүндө зор мааниге ээ көлөмдүү бөлүмдөрдөн да арбын жолугат.

“Манас” эпосунун эл турмушунун бардык тармактарын камтыган фактыга өзгөчө бай мазмуну кыргыздардын каада-салттарынан тартып, эл тагдырында чоң мааниге ээ орчундуу окуяларга чейин, башынан өткөргөн ар кыл мезгилдеги эл тиричилигинин көрүнүштөрү, жашоо, жаратылыш, коом, жакшылык-жамандык жөнүндөгү түшүнүктөрү, диний ишенимдери, медициналык ж.б. билимдери жөнүндө бай, баалуу маалыматтарды берет. Эпостун бул өзгөчөлүгү Ч.Ч.Валиханов, В.В.Радлов ж.б. изилдөөчүлөргө эпосту кыргыз турмушунун көркөм энциклопедиясы катары баалоого негиз болгон. Чет элдик жана орус фольклористикасында бул багытта, фольклордогу диний мотивдерди иликтөө багытында Э. Тайлор, Дж. Фрэзер, К. Г.Юнг, Л.Я. Штернберг, С.А.Токарев, В.Н. Топоров ж.б. окумуштуулар фундаменталдык изилдөөлөрүн жаратып кетишти.

Кийинки кылымдарда калыптанып өөрчүүгө жетишкен кыргыз фольклористикасында фольклордук жанрлардагы, анын ичинде “Манас” эпосундагы диний мотивдер фольклорист, этнограф окумуштуулар Э.Абдылдаев, С.М.Абрамзон, Р.З.Кыдырбаева, Р.Сарыпбеков, И.Б.Молдобаев, К.Ибраимов ж.б. эмгектеринде өз проблемаларына байланыштуу айрым каралган.

Кыргыз элинин улуттук өзүн таанып-билүүсү жана руханий турмушу өткөндүн маданий мурастарын өздөштүрүү жана алардын азыркы учурдагы жаңы мааниге ээ болуусун баалоого байланыштуу залкар сөз чебери Ч.Айтматов белгилегендей, кыргыз рухунун туу чокусу болгон “Манас” эпосундагы руханий баалуулуктар катарында кыргыз элинин көөнө диний ишенимдери айрыкча орунга ээ. Ошондуктан кыргыздардын маданий турмушунун материалдарынын негизинде байыркы диний ишенимдердин дүйнө караштык маанисин тарыхый-фольклордук планда талдоо жана баа берүү зарылчылыгы **изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугун** аныктап турат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөбүздүн негизги **максаты** болуп кыргыз элинин исламга чейинки көөнө диний ишенимдерин фольклордук дүйнө таануучулук жана социалдык маданий аспектилерин талдоо эсептелет.

Буга ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлган:

- фольклорист, этнограф жана дин таануучу окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча изилдөөлөрүн, илимий көз караштарын өздөштүрүү;

- көөнө диний ишенимдердин “Манас” эпосунда кыргыздардын ачык дүйнө таанымы катары берилишин көрсөтүү жана маанисин ачуу;
- кыргыз элинин байыркы диний ишенимдеринин ички мазмунун, структурасын жана атрибутикаларын иликтөө, эпикалык чагылышында көрсөтүү;
- кыргыз элиндеги жана башка элдердеги көөнө диний ишенимдерди салыштырып талдоо, эпостун мисалында ачып берүү;
- улуттук дин болуп калган же дүйнөлүк диндер менен синкреттешкен айрым салттуу ишенимдердин калыптануу жана өнүгүү тарыхын эпостун мисалында кароо;
- кыргыздардын коомдук турмушундагы көөнө диндердин жана анын ичиндеги теңирчилик дининин ролун изилдөө жана баалоо, “Манас” эпосунда салттуу эпикалык мотив катары келүүсүн аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы кыргыздардын ачык дүйнө карашы катары көөнө диний ишенимдерге концептуалдык, фольклордук-тарыхый талдоо жүргүзүүгө аракет жасалгандыгында болуп саналат. Тактап айтканда, диссертацияда:

- көөнө диний ишенимдер боюнча эпостун текстинде деталдаштырылган талдоо жүргүзүлөт;
- көөнө диний ишенимдердин фольклордук аспектилери каралат;
- алардын мазмуну, структурасы берилет;
- көөнө диний ишенимдердин атрибутикасы классификацияланат, б.а. мифология, жөрөлгөлөр, салт-санаалар, символдор эске алынат;
- тотемизмдин “Манас” эпосунун сюжетинде эң көөнө ишеним катары уруунун келип чыгышына байланыштуу келүүсү белгиленет;
- анимизмдин байыркы аң-сезимдик маңызы эпостун сюжетинин мисалында көрсөтүлөт;
- шаманизмдин ритуалдык-фольклордук, культтук-жөрөлгөлүк мааниси эпикалык мотив тутумунда ачып берилет;
- фетишизмдин эпикалык мотив катары эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү белгиленет;
- теңирчилик ишениминин дин катары келишин тактоого байланыштуу объективдүү тарыхый себептери каралат;
- теңирчилик жана исламдын салттуу ишеним жана дүйнөлүк дин катары синкреттешүүсүнүн жана өз ара таасиринин тажрыйбасы эпостун мисалында иликтенет.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси** анын негизги жоболору кыргыз элинин көөнө диний ишенимдерин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна

байланыштуу. Изилдөөнүн темасы окумуштуулар чөйрөсүнүн жана коомчулуктун кызыгууларын жаратат. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу.

**Изилдөөнүн объектиси** – кыргыз элинин улуу руханий мурасы “Манас” эпосу болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети -** “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катары келиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)”.

**Диссертацияда коргоого алып чыгылган негизги жоболор:**

- көөнө диний ишенимдерди мурда изилдеген окумуштуулардын алардын мазмунуна жана баалуулуктарына байланыштуу пикирлерин, берген бааларын карап чыгуу;
- түрк-моңгол элдеринин маданиятын, анын ичинде фольклорун изилдөөдө шаманизмге чоң көңүл бөлүнгөнүн, теңирчилик жана тотемизм, шаманизм, фетишизмдин айырмасын белгилөө;
- окумуштуулардын изилдөөлөрүндөгү көөнө диний ишенимдердин мифологиясына жетиштүү көңүл бөлүнүүсүн кароо, алсак, дүйнөнүн жаралышы, ааламдын, адамдын жаратылышы ж.б.
- теңирчилик айрым диний булактарда бардык түрк-моңгол элдеринин дүйнө карашы катары эсептелгени менен бул элдерди маданий жана руханий жактан бириктирүүчү универсалдуу кубулуш экендиги, “Манас” эпосунда анын эпикалык мотив катары берилишин көрсөтүү;
- көөнө диндер феномени көптөгөн кылымдар бою түрк-моңгол элдерин уюштуруучу жана бириктирүүчү күч катары болуп келгендиги, айрыкча орто кылымдардагы буддизм, христиан дини жана исламга караганда эффективдүүлүгүнүн эпосто берилиши;
- орто кылымдарда теңирчилик ишениминин дүйнөлүк диндер тарабынан акырындап сүрүлүп чыга башташы, бирок, кыргыз элинде ушул күнгө чейин анын салттарынын жана ритуалдарынын сакталышы;
- түрк элдериндеги, анын ичиндеги кыргыз элиндеги теңирчилик жана исламдын синкретизми, мусулман догмасынын жана Көк Теңирдин алдындагы бирдиктүү кудайга ишенүүгө негизделген көөнө ишенимдин айкалышып жашоосу, анын “Манас” эпосунда эпикалык мотив катары берилиши.

**Изилдөөнүн методдору.** Дисссертациянын темасын ачууда изилдөөнүн салыштырма-типологиялык, салыштырма-тарыхый, сыпаттама методдору колдонулду.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору көөнө диний ишенимдердин дүйнө караштык маңызын фольклордук-тарыхый планда талдоого негизделип, кыргыз элинин эпикалык мурасы "Манас" эпосун ар тараптуу изилдөөгө кошулган салым болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы.** Изилдөөнүн натыйжалары 7 макала жергиликтүү илимий басылмаларда жана 2 макала РИНЦ системасындагы басылмаларда жарык көрдү.

**Диссертациянын көлөмү жана структурасы.** Диссертация киришүүдөн, өз ара бөлүктөргө ажыратылган үч главадан, аларга чыгарылган корутундулардан жана жалпы корутундудан, айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Иштин көлөмү 171 бет, колдонулган адабияттардын 194 тизмеси ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын эмгектерин камтыйт.

Диссертациянын киришүүсүндө теманын негизделиши, актуалдуулугу, изилдениш деңгээли, изилдөөнүн методологиялык негиздери, объектиси менен предмети, башкы максаты менен негизги милдеттери, илимий жаңылыгы, илимий-практикалык баалуулугу, коргоого сунуш кылынган жоболор, изденүүчүнүн илимге кошкон салымы, алынган жыйынтыктардын тастыкталышы, изилдөөнүн материалдарынын апробацияланышы чагылдырылды.

Илимий иштин **"Манас" эпосундагы көөнө мотивдер жана алардын чыгарманын түптөлүшүндөгү орду"** аттуу биринчи главасы эки бөлүккө ажыратылып, аларда "Манас" эпосундагы көөнө мотивдердин анын түптөлүшүндөгү ролу жана мааниси башка тектеш элдердин эпосторуна салыштырмалуу аспектиде каралды.

"Көөнө мотивдер эпостун түпкү уңгусу катарында" деген аталыштагы биринчи параграфта кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын ири жанры болгон эпосто, анын ичинен биз иликтөөгө алган "Манас" эпосунда архаикалык мотивдер сакталып калгандыгы, алар сюжет куруууда, образдарды түзүүдө кызмат өтөп, чыгарманын идеялык жүгүн көтөрүүдө көмөк болуп, композициялык түзүлүшүндө мааниге ээ экендиги белгиленет. "Эпостогу диний мотивдердин табияты, өзгөчөлүгү" деген экинчи параграфта дин адамзат аң-сезиминин өнүгүшүндөгү өзгөчө формасы болуп, анын тарыхында көптөгөн баскычтардан өткөндүгү, ал миңдеген жылдар бою өнүккөн жана татаалдашып жүрүп олтурган дүйнөгө болгон көз караштардын системасы экендиги эскертилет.

**"Исламга чейинки диний ишенимдердин эпосто эпикалык мотив катары кездешүүсү"**деп аталган экинчи главада кыргыз эли тутунган көөнө

диндер тууралуу сөз болуп, изилдөө объектиси катары исламга чейинки байыркы диндерди, атап айтканда, тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм диндеринин элементтеринин эпостун тутумунда кездешүүсү каралат. Учурда кыргыз эли салттуу исламды тутунушат, атеисттик көз караштагы жарандар да бар, олкөбүздө КРдин Конституциясынын негизинде дин эркиндиги сакталат. Ал эми тарыхыбызга кайрылсак, кыргыз эли исламга чейин бир нече байыркы ишенимдерди тутунгандыгы маалым. Алгачкы мезгилдерден тартып эле калган бардык түрк уруулары сыяктуу Көкө Теңирге ишенишкен. Көкө Теңир ишениминде теңир баарынан жогору турган, кудуреттүү зат болуп эсептелген.

“Тотемизм ишениминин эпосто берилиши” деген биринчи параграфта тотемизмдин уруучулук коомдогу диний ишенимдердин жана каадалардын жыйындысы, диндин байыркы формасы экендигине көнүл бурулат. Анын негизги өзгөчөлүгү катары адамдардын тигил же бул уруунун, жаныбарлардын пайда болушун, тегин айрым жаныбарлар, өсүмдүктөр менен тикеден-тике байланыштуу түшүндүрүү, анын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенүү болуп саналат. Мезгилдин өтүшү менен айрым тотемдик түшүнүктөр кыскарып туруктуу эпитетке айланып калгандыгы көрүнөт. Алсак, колдоочу тотем өсүмдүк, дарак Байтерек алгач бутагынан сүт чыгып жесир калган Каныкейди кайненеси Чыйырды, уулу Семетей менен Букарга качкан жолунда колдосо, башкы каармандардан болгон Бакайга, Сыргакка “Байтерегим” деп кайрылуу кездешет.

“Анимизм, ага байланыштуу ишенимдин эпосто көркөм чагылышы” деген аталыштагы экинчи параграфта эпостогу кооно диний ишенимдердин ичинен анимизм кеңири кездешкени жана байыркылыгы менен айырмаланары көрсөтүлөт. Анимисттик ойлоонунун элементтери “Манас” эпосунда да орун алган. Анимизмдин негизги жоболорунун бири - асман, жер жана суу ээсине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү. Манастын төрөлүшү, Жакыптын бала тилеп мал союп, курман чалуусу менен мотивдештирилет. Адам денеси менен жанынын айырмачылыгы, жандын түбөлүк өлбөстүгү, анын башка формада жашашы өңдүү түшүнүктөр да анимисттик ойлоонун табигый жемиши.

“Шаманизмдин байыркы элдик ишеним катарында эпосто берилиши” деген үчүнчү параграфта эпостогу шамандык ишенимдерге негизделген эпикалык мотивдерге токтолдук. Эпос айтуучулук онөр айрым белгилеринде, б.а. ырым-дарым жасоо, аба ырайын оңдоо, оору-сыркоону сакайтуу жаатында шамандык өнөргө да окшошуп кетет. Шамандар аталган иш-аракеттерди түздөн-түз милдети катары түшүнсө эпос айтуучулар бул нерселерди иштин жүрүшүндө өзүнөн-өзү келип чыгуучу кубулуш катары

кабылдашат. “Шаман” термини тунгус тилинен келип чыгып “сыйкырчы” дегенди туюнтат, ал эми жалпы түрк тилинде “кам” деп айтылат. Якуттар, кыргыздар, өзбектер, казактар жана монголдор башкача аталыштарды колдонушат. Маселен монголдор “бек” деп аташат, кыргыздарда болсо “бакшы (эркектер)”, “бүбү” (аялдар), “куучу” деген атоолор бар. Негизинен шаманизм диндин баштапкы формасы болуп, анын уңгусунда транс абалында шамандын рухтар менен баарлашуусуна негизделген ишеним жатат.

“Фетиштик көз караштардын эпостук сюжетте көркөм чагылышы” деген аталыштагы төртүнчү параграфта “Манас” эпосундагы адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге ыйгарып, алардын кереметтүү күчүнө ынанган байыркы ишеним илимде фетишизм деп аталып, эпостордо көөнө мотив катары орун алган. Фетишизм - адамдарга тиешелүү сапаттарды буюмдарга, нерселерге да таандык кылып, алардын кереметтүү күчүнө ишенген көз караш. Фетиш нерселердин (мисалы: тумар, крест) адам тагдырына таасир берүүчү кереметине ишенүүдөн көрүнөт. Ал адамдарга гана мүнөздүү сапаттарды тигил же бул буюмга, нерсеге таандык кылып, алардын адаттан тыш керемети бар деген диний ишенимге таянган көз караш катары пайда болгон жана жашаган.

**“Эпостогу теңирчилик дининин мотивдери”** деген аталыштагы үчүнчү глава эки бөлүктөн турат. “Теңирчиликтин кыргыз элинин руханий маданиятынын өнүгүү контекстиндеги орду”деген биринчи параграфта байыркы доордун адамдары аалам кубулуштары, курчап турган айлана-чөйрөдөгү нерселердин табияты, оору менен олүмдүн себептерин чечмелөөдө алсыз болушкандыктан баёо аң-сезимдик деңгээлде дүйнөнү таанып-билүүгө аракет жасашканы белгиленет.

“Эпостогу теңирчилик ишениминин мотивдери” деген экинчи параграфта “Манас” эпосунун поэтикасы эзелки кочмөн маданияттын эң түпкүрүнон өсүп чыккан жана көптөгөн тарыхый маданий катмарлардан турат, ал катмарланууда мифологиядан баштап тарыхый окуяларга чейин өз ордун тапкандыгы белгиленет. Байыркы түрк элдеринде Теңир деген сөз улуу кудай дегенди туюндурган. Жалпы алганда Теңир - бул универсалдуу кубулуш. Теңир жөнүндөгү мифтик түшүнүктөн улам кыргыз мифтик баяндарында көптөгөн баёо элестөөлөрү жаралган. Алсак, Кок Теңири жана анын пери кыздары баатырларга жолуккандыгы, от теңири сыяктуулардын мифтик баяндары айтылат. Кыргыз эпосу “Манаста” аң-сезимдин бир формасы катары диний ишенимдердин камтылышы табигый көрүнүш. Теңирчилик дини – көчмөндөрдүн эзелки доорлордон тутунган ишеними, алардын эркин духун курчуткан таянаар руханий колдоочу күчү десек болот.

Көңүл бурганыңыздарга чоң ырахмат!

**Жыйындын төрагасы филол.и.д., К.А.Исаков:**

Урматтуу жыйындын катышуучулары, баяндама бүттү. Анда, кандидаттык диссертациялык иш боюнча суроолорду бере берсеңер болот.

**Филология илимдеринин доктору В. К. Сабирова:**

- Илимий иштин негизги максаты, милдеттери катары эмнелерге басым жасадыңыз жана диссертациялык иштин практикалык мааниси кандай?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

- Изилдөөбүздүн максаты жана милдеттери. Изилдөөбүздүн негизги максаты болуп кыргыз элинин исламга чейинки көөнө диний ишенимдерин фольклордук дүйнө таануучулук жана социалдык маданий аспектилерин талдоо эсептелет. Буга ылайык диссертацияда төмөнкү милдеттер коюлган:
- фольклорист, этнограф жана дин таануучу окумуштуулардын көөнө диний ишенимдер боюнча изилдөөлөрүн, илимий көз караштарын өздөштүрүү;
- көөнө диний ишенимдердин "Манас" эпосунда кыргыздардын ачык дүйнө таанымы катары берилишин көрсөтүү жана маанисин ачуу;
- кыргыз элинин байыркы диний ишенимдеринин ички мазмунун, структурасын жана атрибутикаларын иликтөө, эпикалык чагылышында көрсөтүү;
- кыргыз элиндеги жана башка элдердеги көөнө диний ишенимдерди салыштырып талдоо, эпостун мисалында ачып берүү;
- улуттук дин болуп калган же дүйнөлүк диндер менен синкреттешкен айрым салттуу ишенимдердин калыптануу жана өнүгүү тарыхын эпостун мисалында кароо;
- кыргыздардын коомдук турмушундагы көөнө диндердин жана анын ичиндеги теңирчилик дининин ролун изилдөө жана баалоо, "Манас" эпосунда салттуу эпикалык мотив катары келүүсүн аныктоо;
- Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси анын негизги жоболору кыргыз элинин көөнө диний ишенимдерин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна байланыштуу. Изилдөөнүн темасы окумуштуулар чөйрөсүнүн жана коомчулуктун кызыгууларын жаратат. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу мааниге ээ.

**Филолология илимдеринин кандидаты Б.Т. Темирова:**

-Архаикалык мотив деген эмне?

-Илимий иште шаманизм боюнча жакшы жазылган, бул диний ишенимди тува, хакас элдери жакшы тутунат. Азыркы күндө кандай?

-А. Жакыпбековдун “Теңири Манас” кара сөз түрүндөгү чыгармасын карап чыктыңызбы? Теңирчилик дини кандай берилген?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

-Суроолоруңузга чон ырахмат!

-Эпостогу мотив дегенде чакан сюжетти түшүнөбүз, архаикалык мотивдер диний жана мифологиялык өңүттө болуп, кээде булар синкреттешкен формада да учурайт. Аталган мотивдер жай турмуштук жана согуштук окуялар арасында айтылган чакан кабарлардан гана эмес, элдин абалы, жашоо шарты, үрп-адаты, көз карашы кеңири баяндалган көлөмдүү эпизоддордон, эпостун окуяларынын өнүгүшүндө зор мааниге ээ көлөмдүү бөлүмдөрдөн да арбын жолугат.

-Шаманизмдин элементтери практика жүзүндө бардык континенттердеги жана бардык маданий деңгээлдердеги диндерде учураганы менен анын “отурукташкан” жери Борбордук жана Түндүк Азия болуп саналат. “Шаман” термини тунгус тилинен келип чыгып “сыйкырчы” дегенди туюнтат, ал эми жалпы түрк тилинде “кам” деп айтылат. Якуттар, кыргыздар, өзбектер, казактар жана монголдор башкача аталыштарды колдонушат. Маселен монголдор “бек” деп аташат. Кыргыздарда болсо “бакшы” (эркектер), “бүбү” (аялдар) “куучу” деген атоолор бар.

-Теңир – байыркы түрк-моңгол элдеринин эң жогорку кудайынын аты. Теңир алтай тилинде тенгри, тенгери; шор тилинде – тегри; хакас тилинде – тигер, тер; тува тилинде – дээр; чуваш тилинде тура; якут тилинде – тангара; моңгол тилинде – тэнгэр; бурят тилинде – тэнэри; калмак тилинде – тэнгэр түрүндө айтылат. Илимий чөйрөдө теңир дин катары б.з.ч. 3-кылымда Борбордук Азияда пайда болгон деп болжолдонот. Биз жогоруда карап жаткан илимий изилдообүздө тотемиз, анимизм, шаманизм, фетишизмге караганда теңирчилик диний ишениминин кеңири таралганын айтып өттүк. Ошону менен катар эле бүгүнкү демократиялык мезгилде ушул динге өтүүнү сунуштаган уюмдар, окуулар да жок эмес.

**Филология илимдеринин кандидаты Н.Х. Бекмухамедова:**

-Изилдөөңүздө тотемизм боюнча кайсы окумуштуулардын эмгектерине басым жасадыңыз?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

-Тотемизм боюнча орус окумуштууларынан С.А. Токаревдин жана кыргыз фольклористи Р. Сарыпбековдун эмгектерине басым жасалды, тактап айтканда “Ранние формы религии” жана “Манас” эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы” ж.б. эмгектерге таяндык.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М.С. Шарипова:**

-Сиз диссертациялык ишиңизде “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдерди тарыхый-фольклордук аспектиде карап чыгыптырсыз. Мындан башка кыргыз эл оозеки чыгармачылыгындагы кенже эпосторго да кайрылдыңызбы?

-Сиз карап жаткан диний ишенимдердин башка дүйнөлүк диндерден айырмасы?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

-Суроoңузга чоң ырахмат! Менин диссертациялык ишимдин темасы “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деп аталгандыктан, карап жаткан изилдоөбүздө “Манас” эпосунун С.Каралаевдин жана Б. Сазановдун вариантына көбүрөөк басым жасалды. Албетте, кыргыз кенже эпосторунда, алсак, “Эр Төштүк”, “Жаныш-Байыш”, “Кожожаш” ж.б. да биз карап жаткан көөнө диний ишенимдер кеңири кездешет, буюрса мындан аркы изилдөөлөрүбүздө карап чыгабыз деген ойдомун. “Эр Төштүк” эпосундагы башкы каарман Тоштүк Манастын он эки ханынын бири болуп саналат. “Көкөтөйдүн ашы”, “Чоң казат”, “Кичи казат” ж.б. болүмдордө негизги баатыр катары эпосто берилет.

**Кыргыз адабияты кафедрасынын улук окутуучусу М.Ж.Табалдыева:**

-Иште мистикалык билимдер тууралуу берилген. Мистика боюнча изилдеген дүйнөлүк жана кыргыз окумуштууларын салыштырып карадыңызбы?

-Адабияттардын тизмесинде берилген Л.Жусупакматовдун кайсы эмгегин пайдалана алдыңыз?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

- Антропософия–сырдуу, рухий күчтөр жана адамдын жөндөмдүүлүктөрү тууралуу оккульттук-томисттик окуу болуу менен бирге аларды өнүктүрүүнүн жолдорун издейт. Мистикалык билимдердин табияты али да табышмактуу бойдон калууда. Манасчылык, дегеле эпос айтуучулук өнөрдүн табияты түпкү аң-сезимдик, психикалык күчтөрдүн кескин активдешүүсүнө байланыштуу болуп, жогортон келген таасирдин натыйжасында анын чыгармачыл инсандын чыгармачылыгына түрткү берип, төгүп айтууга, импровизацияга шыктандыруусуна байланышат десек болот.

-Байыркылар өздөрү колдоочуларынын, пирлеринин, ыйык туткандарынын элесин, кыймыл-аракетин ташка чегишкен. Тоого канчалык көп сыйынышса, ошончолук жакшылык берет деп ишенишкен. Республикабыздын түрдүү региндорунан табылган таш бетиндеги сүрөттөр, пиктографиялык жазуулар буга далил. Алардын бири - Алай кырка тоолорундагы “Саймалуу-Таш” эстелиги. Анда элдик көөнө ишенимге негизделген аңчылыкка байланыштуу сюжеттер, теңирге сыйынуу, табынуулардын элестери чегилген. Ушундай

"Саймалуу таш" боюнча петроглифтерди мыкты изилдеген адис катары Л.Жусупакматовду белгилөөгө болот.

**Педагогика илимдеринин кандидаты, доцентН.Д. Тилекова:**

-Жалпысынан 9 илимий макалаңыз жарыкка чыгыптыр, ВАКтын талабына ылайык баллды топтой алдыңызбы?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

-Изилдөөнүн натыйжалары төмөнкү илимий макалаларда толук жарыяланды, аларда көөнө диний мотивдер боюнча тиешелүү материалдар камтылды. Жалпысынан 7 макала жергиликтүү илимий журналдардан, жыйнактардан, 2 илимий макала РИНЦ системасында Россия Федерациясынан жарык көрдү. Дагы толуктап макалаларды чыгарам деген оюм бар. Азыркы учурда 140 баллдын айланасында балл топтодум деген пикирдемин.

**Педагогика илимдеринин кандидаты З.Ж. Каразакова:**

-Эпостогу диний ишенимдердин ичинен кеңири кездешкени жана көөнө ишенимдерди эң алгачкылары кайсылар?

-Диний ишенимдер кыргыз элинен башка тектеш жана тектеш эмес элдердин кайсы эпосторунда кездешет?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

- Негизинен "Манас" эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эң алгачкылары тотемизмден башталып, анимизм, шаманизм, фетишизм, андан соң теңирчилик дини берилет. Бул диний ишенимдердин эң кеңири таралганы теңирчилик дини болуп саналат. Жогоруда ал тууралуу маалымат берилди.

-Көөнө диний ишенимдер дүйнөлүк тектеш жана тектеш эмес элдердин көпчүлүгүндө кездешет. Түрк тилдүү бизге тектеш элдердин эпосунда алтай элинин "Алп Манаш", хакас элинин "Алтын Арыг", казак жана өзбек элине тиешелүү "Алпамыш", ошондой эле индия элинин "Махабхарата" эпосторунда да кеңири баяндалган.

**Филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р. Колдошев:**

- Негизинен илимий иште кызыктуу маалыматтар берилген. Сиз караган манасчылар С.Каралаев, Б.Сазановдун ж.б. варианттарындагы көөнө диний ишенимдер боюнча түрдүү багытта изилдөөгө алып коргоп чыккан дагы кимдердин эмгегине таяндыңыз?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

-Э.Абдылдаев, Р.З.Кыдырбаева, Р.Сарыпбеков ж.б. окумуштуулар бул темага өз эмгектеринде изилдөө багытына байланыштуу айрым кайрылып кетишкен, ошондой эле окумуштуулар К.К. Калчакеев, Н.Х. Бекмухамедова, Г.Т.Жамгырчиева, А.К. Мурзакметовдордун эмгектерине таяндык.

**Кыргыз адабияты кафедрасынын ага окутуучусу Т.А. Кулушев:**

-Тема аябай бүгүнкү күндүн актуалдуу темаларынын бири. Себеби, азыр эгемендүүлүк мезгилинен баштап динге болгон оң-терс көз караштар кеңири таралган. Деги эле сиздин түшүнүгүңүздө дин деген эмне?

**Диссертант К. Ж. Маданова:**

-Дин– адамзат аң-сезиминин өнүгүшүндөгү өзгөчө форма, анын тарыхында көптөгөн баскычтардан өткөнкөндүгү белгилүү. Окумуштуулар Б.А.Рыбаков, Э.Я. Голосовкер, Б.А. Успенский, Ш.Б. Акмолдоева ж.б. эмгектерине ылайык язычество – бул миңдеген жылдар бою өнүккөн жана татаалдашып жүрүп олтурган дүйногө болгон көз караштардын системасы. Б.А. Рыбаковдун пикири боюнча язычество антикалык дүйнөнүн мифологиялашкан дини, алгачкы уруулук түзүлүштүн өкүлдөрүнүн элестөөлөрү, христиандык жана мусулмандык динге чейинки диний көрүнүштөргө таандык болуп, андан өсүп чыккан дүйнөлүк диндердин пайда болушуна чейинки алгачкы коомдук диний көз караштардын бардык стратегияларына жарактуу термин. Кыргыз фольклорунан, анын ичинде эпосторунан буга мисал катары ак түскө, ата-бабанын арбагына, жер-суу ээлерине, төрт түлүк малдын ж.б. пирлерине, колдоочуларына сыйынуу ж.б. кирет. Ал эми теология (грек. кудай, сөз, окуу) кудай таануу, кудай тууралуу анын жашоодогу маани-маңызы, аракеттери, сапаты, белгилери тууралуу диний теориялык билимдердин системасы экендиги маалым.

**Философология илимдеринин кандидаты Д.А. Ызабекова:**

-Жогоруда язычество тууралуу айтып кеттиниз, ал кандай термин? Язычество динине байланышкан кандай ритуалдар бар жана илимге бул термин качан кирген?

**Диссертант К. Ж. Маданова:**

-Суроонузга чоң ырахмат!“Язычество” деген аталыш чиркөөлүк-славяндык “языцы” термининен келип чыгып, “элдер”, “чет жердиктер” дегенди туюнтат. Муну менен орус китепчилери (книжники) чокунбаган элдерге өздөрүнүн терс мамилесин билдиришкен. Язычествонун азыркы учурдагы мааниси дүйнөлүк диндерден мурдагы диний комплекстерди түшүндүрөт. Буга ошол эле байыркы славяндардагы, түрк-монгол элдериндеги Айга, Күнгө, жер-сууга, тоо-ташка, б.а. табиятка сыйынуулары кирет. Маселен, славян элдеринде эрте жазда масленница майрамын өткөрүп, Күн түспөлүндөгү май токочторду жасоо, кышты “айдап”, узун күндү, жазды тосуу, чыгыш элдеринде да ушул сыяктуу байыркы жөрөлгөлөр бир топ кездешет жана алар фольклордук чыгармачылыкта элдик айтымдар, ыр формасында салттуу ордун тапкан. “Манаста” исламга чейинки диндерге сыйынуу мындайча берилет:

Абалында түрк уулу,

Ойлөнуп көр сен муну,
Отко, сууга табындың,
Ошончолук жаңылдың.
Ырас десең эски дин
Ыйманыңдан кагылдың.
Айды көрсөң чөкундуң,
Намазым деп окундуң.

Мисалдардан көрүнүп тургандай, байыркы ата-бабаларыбыз табиятка, отко, күнгө, айга, сууга сыйынып язычество динин туткандыгы, ошондой эле археологиялык изилдөөлөр менен тастыкталгандай коңшу элдер менен алакага байланыштуу башка диний ишенимдердин да таасиринде (маселен несториандык) болгондугу байкалат. Буга мисал катары азыркы Кыргызстандын аймагынан табылган көрүстөндөргө коюлган жазуулары бар таш белгилерди алсак болот.

**Мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу В.М. Калматова:**

-Тул деген эмне? Манас эпосунда кездешеби? Көөнө ишенимдердин кайсы түрүнө кирет?

**Диссертант К.Ж. Маданова:**

-Тул байыркы кыргыздардын ишениминде туруктуу түрдө колдонулган жана кеңири тараган. Эри өлгөн аялдын эринин келбетине, кебетесине окшоштуруп, жасап, өлгөн күйөөсүнүн кийимин жаап, көшөгө тартып, бурчка отургузуп, анын чоң ашын бергиче сактоочу сөлөкөтү тул катарында эсептелип, анын арбагын сыйлоо, кастарлоо түшүнүгүн билдирген. Анткени, жан денеден бөлүнгөндөн соң ал өлбөй, улам өз үйүнө келип тууган-туушкандары анын арбагын канчалык сыйлап, урматтап жатканын байкап турат жана анын жарыкчылыкта калган адамдарга өзүнүн оң жана терс таасирин тийгизет деген ишенимге негизделген түшүнүктүн натыйжасы катарында чыккан. Бул түшүнүк негизинен фетишизмге кирет.

**Мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу Г.Т. Акишова:**

- Антропософия эмне жөнүндөгү илим?
- Сыйынуу деген эмне кандай түрлөрү бар? Табу сөзүнүн мааниси?

**Диссертант К. Ж. Маданова:**

-Антропософия–сырдуу, рухий күчтөр жана адамдын жөндөмдүүлүктөрү тууралуу оккульттук-томисттик окуу болуу менен бирге аларды өнүктүрүүнүн жолдорун издейт. Мистикалык билимдердин табияты али да табышмактуу бойдон калууда. Манасчылык, дегеле эпос айтуучулук өнөрдүн табияты түпкү аң-сезимдик, психикалык күчтөрдүн кескин активдешүүсүнө байланыштуу болуп, жогортон келген таасирдин натыйжасында анын

чыгармачыл инсандын чыгармачылыгына түрткү берип, төгүп айтууга, импровизацияга шыктандыруусуна байланышат десек болот.

-Сыйынуу бул айлана-чөйрөгө, жаратылыш кубулуштарын, жаныбарларга, арбактарга ж.б. ушул сыяктуу көрүнүштөргө карата аткарылуучу диний–мифологиялык маанайдагы ырым-жырымдардын жыйындысы болуп саналат. Сыйынуу ар түрдүү болгон, маселен магиялык, анимистик, тотемдик, фетиштик, арбактарга, жаратылышка ж.б.

-Табу (полинезия тилинде - тыюу) – алгачкы жамаат коомунун адамдарындагы айрым бир жорук-жосундарга коюлган чектөө, тыюу системасы, ыйык, колдонууга болбогон, айтууга тыюу салынган (тергөө) сөздөр, суроолор, ойлор ж. б.). Алгачкы жарым жапайы кишилер кээ бир нерселер менен буюмдар адам сыяктуу эле сыйкырдуу жашыруун күчкө ээ деп ишенишкен, ошондуктан аларды күндөлүк боло турган иш катары карабай ыйык тутушкан. Ыйык туткан эрежелерди бузуу, кудай же сыйкыр күчтөр тарабынан сөзсүз түрдө жазаланат деп билишкен (ооруга чалдыгуу, өлүмгө кириптер болуу ж.б.).

**Жыйындын төрагасы, филол.и.д., К.А. Исаков:**

- Дагы суроолор барбы? Жок болсо, анда талкууга өтөбүз. Анда сөздү филология илимдеринин доктору К.К. Калчакеевге берсек.

**Филология илимдеринин доктору К.К. Калчакеев:**

-Изденүүчү К.Ж. Мадановanын “Манас”эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деген темадагы диссертациялык иши киришүүдөн, өз ара бөлүктөргө ажыратылган үч главадан, аларга чыгарылган корутундулардан жана жалпы корутундудан, айрым создөрдүн түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Диссертация азыркы учурдагы актуалдуу темага арналган. Бул тема фольклористика багытында корголо элек. Негизинен ыраатгуу жазылып, диссертациялык ишке коюлуучу талаптарга толук жооп берет. Автордун жазуу стили – жакшы. Иштин жаңылыктары, практикалык мааниси бар, тыянактары – орчундуу. Илимий жетекчисинин жетиштүү багыт бергендиги көрүнүп турат. Автор керектүү адабияттар менен терең тааныш. Ошону менен катар айрым сунуштарды айтып кетсем. Эмгекте айрым бир техникалык, стилистикалык каталар кезигет. Негизги С.Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттарынан көөнө диний мотивдерге мисалдарды толуктоо керек. Иштин корутундуларына талдоолорду кошуу, жалпы диссертацияда цитаталарды байытуу сунушталат. Теңирчилик динин чоң глава катары эмес, бир бөлүм катары кийирип коюу максатка ылайыктуу деп ойлойм. Айрым орунсуз кайталоолор кетирилген. Албетте, бул айтылган кемчиликтер иштин

мазмунун төмөндөтө албайт. Эмгек актуалдуу, баалуу, ошондуктан коргоого сунуштаса болот.

**Жыйындын төрагасы, филол.и.д., К.А. Исаков:**

Анда кийинки сөздү филология илимдеринин кандидаты Н.Х. Бекмухамедовага берсек.

**Филология илимдеринин кандидаты Н.Х. Бекмухамедова:**

-Диссертациялык изилдөөдө исламга чейинки диний ишенимдер социалдык-маданий аспектиде жана дүйнөнү фольклордук ыкманын сапатында таануу формасында үйрөнүү каралган. Фольклордук булак катары "Манас" эпосу алынган. Изденүүчү көөнө диний ишенимдердин түрдүү компоненттерин жана сапаттык тарабын фольклористтер, антропологдор, дин таануучулардын эмгектериндеги бул багыттагы көз караштарды сыпаттоого алган. Буга байланыштуу Б.А. Рыбаков, З.Я. Голосовкер, Р.З. Кыдырбаева, Ш.Акмолдоева ж.б. окумуштуулардын мифология менен диний ишенимдердин айкалышына байланыштуу изилдөөлөрүнө жалпылоо берилген. Автор "Манас" эпосундагы көөнө диний мотивдердин эпостун жанрдык калыптанышындагы алгачкы стадияларында белгилүү роль аткаргандыгын, орду бар экендигин көрсөткөн. Диссертациялык иштин экинчи главасында тотемизм, анимизм, шаманизм, фетишизм ишенимдеринин ар бирине мүнөздөмө берген. Ал эми теңирчилик ишенимине үчүнчү главада өзүнчө токтолгон. Мында Ч.Өмүралиевдин эмгектерине кайрылып, ага шилтемелер берилген. Көөнө диндердин синкреттешүүсүн дисертант жакшы түшүнөт. Маселен, теңирчилик менен исламдын синкреттешүүсүн дурус ачып бере алган. Диссертанка каалоо сунушум иштин илимий аппаратын дагы күчтөндүрүп, фольклористикадагы жаңы изилдөөлөрдү кошуу максатка ылайык. Жогорулардагыларды жыйынтыктоо менен диссертациялык изилдөөнү коргоого сунуштоого болот деген пикиримди билдиремин. Ал эми анын автору К.Ж. Маданова филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Жыйындын төрагасы, филол.и.д., К.А. Исаков:**

- Чон ырахмат! Талкууну уланта берсек, кийинки сөз филология илимдеринин доктору В.К. Сабировага берилет.

**Филология илимдеринин доктору В.К. Сабирова:**

-Аталган темадагы кандидаттык диссертация кыргыз фольклористикасындагы актуалдуу темалардын бирине арналган. Иликтөөгө алынган байыркы диний ишенимдер темасы эгемендүүлүк жылдарында айрыкча кызыгууну жаратып, постсоветтик аймакта түрдүү аспектиден изилдөө объектисине айланды. Бул теманы кыргыз фольклористикасынын

материалында изилдөө объектисине айланышы , айрыкча масштабдуу жанр болгон эпосто каралышы колдоого арзырлык көрүнүш. Изилдөө боюнча төмөнкү сунуш- пикирлеримди билдиремин.

Негизинен илимий иш жатык тилде жазылган, муну диссертанттын орусча жазылган макалаларын карап, которгонго жардам берген киши катары айтканыма укугум бар. Байыркы ишенимдер болгон тотемизм, фетишизм, шаманизм жана анимизмдерди ажыратып, ар бирин баптын ичинде параграфтарга бөлүп жазганы автордун бүгүнкү эпостаануу илимине кошкон салымы, аракети десек болот.Тенирчилик – көчмөн элдеринин негизги дини катары 3-бапта өзгөчө каралганы – автор менен илимий жетекчисинин принципиалдуу туура чечими жана укугу. Иш жакшы, демилгеси түшүнүктүү, жазган эмгегин баалоо – биздин милдетибиз.

Жалпы көлөм жактан ишти караганда, салыштырмалуу азыраактай – 150 бетке жетпегенинен, 1-3-баптарга дагы бир параграфтан кошуп, башка элдердин эпосторунда же кыргыздардын башка кенже эпостордогу көөнө мотивдери салыштырып кетсе жакшы болмок дегим келет.

Методологиялык жактан караганда да дүйнөлүк эпосоведдердин иштерине шилтеме аты-жөнү менен гана берилген, алар менен төп же карама-каршы келген илимий парадигмалар тууралуу дагы кошумчаласа иш мындан да мыкты болчудай. Ар бир баптан кийин – өзүнүн корутундусун өзгөчө бөлүп бергени – иштин структуралык курулушуна кызмат кылган жакшы нерсе.

Айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү 6 бетте жазылып, адабияттардын тизмеси 11 бетке барабар болгону жакшы, бирок бул нерсе иштин көлөмүнүн эсебинен эмес болгону жакшы. Бүгүнкү күндө динге жана диний негизи бар айрым бир саясий жана коомдук кыймылдарга карата болуп жаткан ар кандай көз-караштарга байланышкан, практик-мугалимдерге арналган көрсөтмөлөр да иште болсо иш дагы деле бир кыйла утмак деп калдым.

**Жыйындын төрагасы, филол.и.д., К.А. Исаков:**

-Анда эмесе кийинки сөз тарых илимдеринин кандидаты А.К. Мурзакметовго берилет.

**Тарых илимдеринин кандидаты А.К. Мурзакметов:**

Изденүүчү К.Ж. Мадановианын “Манас”эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши” аттуу диссертациялык иши бүгүнкү күндүн актуалдуу темаларынын бири. Себеби, элибиз эгемендүүлүктү алгандан бери дин түшүнүгүнө кеңири маани берилип, коомчулуктун дин тутуу эркиндиги тууралуу талаш-тартыш маселелер жаралууда. Ошол өңүттө алып караганда илимий чөйрөдө кыргыз элинин исламга чейинки көөнө диний ишенимдери тууралуу жана ал диний

ишенимдердин башка диндер менен синкреттешип берилүүсү жөнүндө улуу “Манас” эпосубуз аркылуу талдоого алынганы максатка ылайыктуу. Иштин башталышында тиешелүү маалыматтар азыраактай байкалат, толуктоолорду киргизип койсо болот. Айрым булактарга, тактап айтканда, сөздүктөргө шилтеме берүү керек. Негизинен иштин мазмуну, өзөгү бар, эми талкууда айтылган айрым кенемтелерди толуктоо менен коргоого алып чыгууга болот. Кээ бир адабияттарды аларга түздөн-түз шилтеме берилбегенден кийин аларды кыскартып коюуга да мүмкүн. Диссертантка ийгилик каалайбыз.

**Жыйындын төрагасы, филология илимдеринин доктору К.А. Исаков:**

-Башка идагы сүйлөй тургандар барбы? Жок болсо, эми мен дагы иш боюнча өз пикиримди билдирип коеюн. К.Ж. Мадановanын аталган темадагы диссертациялык иши сабаттуу жазылган, тиешелүү теориялык маселелер камтылган. Иште айрым кайталоолор, стилдик каталар кетирилген. Бул кемчиликтер иштин беделин түшүрбөйт. Буларды талкуудан кийин карап, оңдоп коюуга болот. Бүткөн изилдөө катары К.Ж. Мадановanын “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” 10.01.09– фольклористика адистиги боюнча диссертациялык ишин коргоого сунуштаймын.

**Жыйындын төрагасы, филология илимдеринин доктору К.А. Исаков:**

Анда сөз диссертант К.Ж. Мадановага берилет.

**ДиссертантК. Ж. Маданова:**

-Урматтуу төрага, урматтуу жыйындын катышуучулары! Атайын убакыт бөлүп менин изилдөөмдү карап чыгып, баалуу сунуш-пикирлерди айтканыңыздарга терең ыраазычылык билдиремин. Сиздер белгилеген кенемтелерди мындан аркы изилдөө ишмердүүлүгүмдө эске алып толуктаймын. Талкуунун жүрүшүндө изилдөөмө байланыштуу көп маселелер мен үчүн ачыкталды. Сунуштарды карап көрүп, толуктоолордун, алымча-кошумчаларды киргизүү керектигин түшүндүм. Ишиңиздерге ийгилик, ден соолук каалаймын, рахмат!

**Жыйындын төрагасы, филология илимдеринин доктору К.А. Исаков:**

Жогорудагыларды жыйынтыктап кеңейтилген жыйын

**БҮТҮМ КАБЫЛ АЛАТ:**

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз элинин улуттук өзүн таанып-билүүсү жана руханий турмушу өткөндүн маданий мурастарын өздөштүрүү жана алардын азыркы учурдагы жаңы мааниге ээ болуусун баалоого байланыштуу залкар сөз чебери Ч. Айтматов белгилегендей, кыргыз рухунун туу чокусу болгон “Манас” эпосундагы руханий баалуулуктар катарында

кыргыз элинин көөнө диний ишенимдери айрыкча орунга ээ. Ошондуктан кыргыздардын маданий турмушунун материалдарынын негизинде байыркы диний ишенимдердин дүйнө караштык маанисин тарыхый-фольклордук планда талдоо жана баа берүү зарылчылыгы теманын актуалдуулугун аныктап турат.

**Диссертацияда баяндалган жыйынтыктарды алуудагы автордун жекече салымы.** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору көөнө диний ишенимдердин дүйнө караштык маңызын фольклордук-тарыхый планда талдоого негизделип, кыргыз элинин эпикалык мурасы “Манас” эпосун ар тараптуу изилдөөгө кошулган салым болуп эсептелет.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын жана жыйынтык-тардын ишенимдүүлүгү.** Изилдөөдө темага байланыштуу жалпы теориялык маселелер жалпыланды, “Манас” эпосундагы көөнө диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши каралып, аларга талдоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар чыгарылды, аталган мотивдердин эпостун калыптанышындагы ролу белгиленди, бул тармактагы кийинки изилдөөлоргө карата фольклористикалык өнүттөгү тиешелүү сунуштар берилди. Тандалып алынган изилдөө предмети боюнча теориялык маселелер иликтенип, жалпылаштырылды, алардын филологиялык багытта билим берүү мекемелеринде колдонууга байланыштуу практикалык мааниси белгиленди. Ошондой эле, кыргыз фольклорун башка илимдер менен, тактап айтканда, этнография, тарых, дин таануу ж.б. менен байланышта интеграциялап изилдөө фольклористиканы ар тараптуу өнүктүрүүгө чоң салым кошору аныкталды.

**Изилдөөнүн илимий жацылыгы жана практикалык мааниси:**

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы кыргыздардын ачык дүйнө карашы катары көөнө диний ишенимдерге концептуалдык, фольклордук-тарыхый талдоо жүргүзүүгө аракет жасалгандыгында болуп саналат. Тактап айтканда, диссертацияда:

- көөнө диний ишенимдер боюнча эпостун текстинде деталдаштырылган талдоо жүргүзүлөт;
- көөнө диний ишенимдердин фольклордук аспектилери каралат;
- алардын мазмуну, структурасы, иерархиялары ачып берилет;
- көөнө диний ишенимдердин атрибутикасы классификацияланат, б.а. мифология, жөрөлгөлөр, салт-санаалар, символдор эске алынат;
- тотемизмдин “Манас” эпосунун сюжетинде эң көөнө ишеним катары уруунун келип чыгышына байланыштуу келүүсү белгиленет;

- анимизмдин байыркы аң-сезимдик маңызы эпостун сюжетинин мисалында көрсөтүлөт;
- шаманизмдин ритуалдык-фольклордук, культтук-жөрөлгөлүк мааниси эпикалык мотив тутумунда ачып берилет;
- фетишизмдин эпикалык мотив катары эпосто берилиш өзгөчөлүктөрү белгиленет;
- теңирчилик ишениминин дин катары келишин тактоого байланыштуу объективдүү тарыхый себептери каралат;
- теңирчилик жана исламдын салттуу ишеним жана дүйнөлүк дин катары синкреттешүүсүнүн жана өз ара таасиринин тажрыйбасы эпостун мисалында иликтенет.

**Диссертациялык иштен алынган натыйжалардын практикалык мааниси** анын негизги жоболору кыргыз элинин көөнө диний ишенимдерин андан ары тереңдетип изилдөө жараянында колдонууга болооруна байланыштуу. Изилдөөнүн темасы окумуштуулар чөйрөсүнүн жана коомчулуктун кызыгууларын жаратат. Дин, маданият чөйрөсүндөгү саясат азыркы мезгилде объективдүү, илимий негизделген, перспективдүү жоболорго муктаж. Ошондуктан, каралып жаткан маселенин практикалык мааниси орчундуу мааниге ээ.

***Изилдөө тыянактарынын жарыялануусу.*** Изилдөө ишинин жүрүшүндө, республикалык, эл аралык илимий-практикалык конференциялардын жыйнактарына 9 макала жарык көрдү.

Жогорудагы пикирлерди угуп жана талкуулап, Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты, мамлекеттик тил, орус адабиятынын методикасы, ЖАМУнун кыргыз жана дүйнөлүк тилдер адабияты, КУУнун кыргыз филология кафедраларынын кеңейтилген кошмо жыйыны мамлекеттик тил кафедрасынын окутуучусу, изденүүчү К.Ж. Мадановanын 10.01.09 –фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деген темадагы жазылган кандидаттык диссертациясын талкуулоо боюнча төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Изденүүчү Маданова Кызбурак Жапаровнанын 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн “Манас” эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)” деген темадагы кандидаттык

диссертациясы УАКтын талаптарына жооп берген, өз алдынча аткарылган, квалификациялуу бүткөн илимий иш катары эсептелсин.

2. Диссертациялык жумуш төмөндөгү пункттар боюнча кабыл алынсын: изилдөөнүн актуалдуулугу; изденүүчүнүн изилдөөгө кошкон салымы; жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн тастыкталуу деңгээли; изилдөөдөн алынган материалдардын жаңылыгы; изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси; аткарылган жумуштардын басмадан жарык көрүүсү.

3. Изденүүчү Маданова Кызбурак Жапаровнанын 10.01.09 – фольклористикаадистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши" деген темадагы жазылган кандидаттык диссертациясы жалпы талапка жооп берген иш катары коргоого сунуш кылынсын.

4. Айтылган сын-пикирлер, кемчиликтер, сунуштар диссертант тарабынан эске алынсын.

5. Диссертациялык кеңештен изденүүчү Маданова Кызбурак Жапаровнанын 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн "Манас" эпосундагы байыркы диний ишенимдердин эпикалык мотив катары берилиши (С. Каралаевдин жана Б. Сазановдун варианттары боюнча)" деген темадагы жазылган кандидаттык диссертациясын талкууга жана экспертизага коюу жагы суралсын.

**Жогоруда аталган чечимге добуш бергендер:**

"макул" - 25;
"каршы" - жок;
"калыс"- жок.

Кеңейтилген кошмо жыйындын чечими бир добуштан кабыл алынды.

Жыйындын төрагасы,
филология илимдеринин доктору: **К.А. Исаков**

Жыйындын катчысы,
филология илимдеринин кандидаты: **Д.А.Ызабекова**

К.А. Исаков жана Д.А. Ызабекованын
колун тастыктайм.
ОшМУнун окумуштуу катчысы: **доцент Байсубанов М.Т.**

Ош мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты, мамлекеттик тил, орус адабиятынын методикасы, ЖАМУнун кыргыз жана дүйнөлүк тилдер адабияты, КУУнун кыргыз филология кафедраларынын кеңейтилген кошмо жыйынынын катышуучуларынын

тизмеси

**2019. 26. 03.**

1. Исаков К.А. – филол.и.д., (10.01.01)______________________
2. Калчакеев К.К. – филол.и.д., (10.01.09) ______________________
3. Жамгырчиева Г.Т. - филол.и.д., (10.01.09)______________________
4. Сабирова В.К. – филол.и.д., (10.01.10)______________________
5. Бекмухамедова Н.Х. – филол.и.к., (10.01.09) доцент______________
6. Мурзакметов А.К. - т.и.к., (07.00.07) доцент______________________
7. Турганбаев Н.О.– филол.и.к., (10.02.06) доцент______________________
8. Темирова Б.Т.– филол.и.к., (10.01.01) доцент______________________
9. Алиева Ф.Э.– филол.и.к., (10.01.01) доцент______________________
10. Колдошов Т.Р. – филол.и.к., (10.01.01) доцент______________________
11. Ызабекова Д.А. –филол.и.к., (10.01.01) ______________________
12. Исмаилова Б.Т. – филол.и.к., (10.01.01) доцент______________________
13. Шарипова М.С.– п.и.к.,(13.00.02) доцент______________________
14. Каразакова З.Ж. – п.и.к, (13.01.01)______________________
15. Байтикова Б.А. – п.и.к, (13.01.01) ______________________
16. Тилекова Н.Д. – пед.и.к., (13.01.01) доцент______________________
17. Батыров Н.А. – ага окутуучу______________________
18. Кулушев Т.А. ага окутуучу______________________
19. Табалдыева М.Ж. – улук окутуучу______________________
20. Алпаизова Б.С. – окутуучу______________________
21. Жолдошова К.Ж. – окутуучу______________________
22. Калматова В.М. – окутуучу______________________
23. Акишова Г. – окутуучу______________________
24. Караева Н. – окутуучу______________________
25. Алишерова Э.Ө. – окутуучу______________________